**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

# «КЫРГЫЗ ЖАНА ДҮЙНӨ АДАБИЯТЫ»

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн
жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-6-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Илимий консультант:**
**Дюшеева Н.К.** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын президенти

**Иштеп чыккандар:**
**Байгазиев С.О.** КББАнын Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери, филология илимдеринин доктору, профессор
**Муратов А.Ж.** И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Рысбаев С.К.** КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери, педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Акматов К.К.** "Мaариф" мектебинин директору, педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Батыркулова А.Б.** КББАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты
**Музулманов М.У.** КББАнын вице-президенти, п.и.к.
**Жээнтаева К.К.** Бишкек шаарындагы № 12 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплексинин кыргыз тили, адабияты мугалими

**Рецензенттер:**
1. **Садыкова К.** И.Арабаев атындагы КМУнун мамлекеттик тил жана маданият институтунун Кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын ага окутуучусу
2. **Керимбекова С.Б.** Бишкек шаарындагы Т. Үмөталиев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин кыргыз тили мугалими

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн уюмдарынын 5-6-класстары үчүн «Кыргыз жана дүйнө адабияты" боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына (2023), Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) негизделип иштелип чыккан.

Бул предметтик стандарт башталгыч класстар үчүн экинчи тил катары кыргыз жана дүйнөлүк адабият сабагын окутуунун максаттарын, мазмунун, предметтик компетенттүүлүктөрүн жана баалоо критерийлерин аныктайт. Бул сабак окуучулардын кыргыз тилиндеги окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн өркүндөтүүгө, китепке болгон кызыгуусун арттырууга жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Ошондой эле, улуттук жана дүйнөлүк адабияттын баалуулуктарын таанып, тилди практикалык колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтет.

## М А З М У Н У

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ, МИЛДЕТТЕРИ................................4

II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР..............................................................5

III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар)..................................................8

IV. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ..........................................................................................15

V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО..............................16

VI. ПРЕДМЕТТИК РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР...20

VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮ...........................................................................................................................23

# I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Кыргыз жана дүйнө адабияты экинчи тил катары башталгыч класстардагы окуучулардын тилдик чөйрөсүн кеңейтүүгө, кыргыз тилиндеги тексттерди түшүнүү жана алар менен иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга чоң салым кошот. Адабият сабагын окуучулар угуу, түшүнүү, окуу жана сүйлөө аркылуу өздөштүрүшөт. Алар элдик жомоктор, ырлар, макал-лакаптар жана аңгемелерди окуу менен тилди колдонууга үйрөнүшөт.

Кыргыз жана дүйнө адабияты предметинде көркөм чыгармаларды окуу жана талдоо баарынан мурда окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде окуучулардын тилдик жана окурмандык даярдыгынын деңгээлин эске алуу менен жүргүзүлөт. Стандарт, негизинен, аталган предмет боюнча окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин (класстардын) окуу программасын иштеп чыгуунун мазмунун, өлчөмүн жана өзөгүн аныктап берет жана ага негиз болот. Стандартта көрсөтүлгөн окуу материалдарын берүүнүн структурасы, таяныч принциптери, урунттуу компетенттүүлүктөр, окутуудан алынган натыйжалар адабияттык билим берүүнүн бүткүл мазмунун, өзөгүн аныктоо менен, андан алынган натыйжаларды талдап жана баалоонун стратегияларын аныктайт.

Кыргыз жана дүйнө адабияты сабагынын **негизги максаты** – экинчи тил катары кыргыз тилинде окуучулардын көркөм чыгармаларды түшүнүүсүнө, угуп жана окуп түшүнүү, сүйлөө жөндөмдөрүнүн өнүгүшүнө, ошондой эле маданий баалуулуктарды өздөштүрүүсүнө көмөктөшүү.

Билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк *максаттар аркылуу төмөнкү милдеттердин аткарылышын камсыздайт.*

**Милдеттер:**

**Таанып-билүүчүлүк** - окуучу кыргыз жана дүйнө адабиятынын чыгармаларын угуп, түшүнүп, мазмунун жана негизги оюн ачык көрсөтө алат; чыгармаларды, каармандарды анализдеп, өз оюн билдирүүгө үйрөнүшөт.

**Жүрүм-турумдук - о**куучулар күнүмдүк жана социалдык-маданий чөйрөдө мамлекеттик тилде жакшы баарлашуу көндүмдөрүнө ээ болушат; адабияттагы каармандардын жүрүм-турумун жана алардын иш-аракеттерин анализдей алышат; адабий чыгармалар аркылуу окуучулар боорукердик, достук, эмгекчилдик, адилеттүүлүк сыяктуу адептик баалуулуктарды калыптандырышат жана алардын маанисин өз турмушунда колдонууга даяр болушат.

**Баалуулук -** окуучулар кыргыз жана дүйнөлүк адабияты аркылуу коомдук моралдык баалуулуктарды, гуманизмди, жана адамгерчиликти кабыл алууга үйрөнүшөт; кыргыз элинин маданиятындагы баалуулуктарды түшүнүп, улуттук баалуулуктарды сыйлап, жогорку маданий деңгээлде социалдашууну өнүктүрүшөт; адабият аркылуу китеп окуунун маанилүүлүгүн жана анын жеке адамдын өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымын кабыл алышат.

Башталгыч мектепте кыргыз жана дүйнөлүк адабият сабагын окутууда төмөнкү негизги мамилелер талап кылынат.

**Компетенттүүлүк мамиле -** билим берүү процесси учурунда окуучулардын ар түрдүү чөйрөлөрдө ийгиликтүү иш-аракет жүргүзүү үчүн зарыл болгон компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталат; окуучуларга билимди жашоодо колдонуу үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон көндүмдөрдү: угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу сыяктуу негизги тилдик көндүмдөрдү иштеп чыгууну камтыйт.

**Коммуникативдик мамиле -** экинчи тил катары үйрөнгөн окуучуларга кыргыз тилинде эффективдүү баарлашуу жөндөмүн калыптандырууну максат кылат. Бул мамиле окуучуларды кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдү туура колдонуудан тышкары, ага эмоцияларды, ойлорду жана

билдирүүлөрдү жеткирүү үчүн жөндөмдүү кылат.

**Социомаданий мамиле -** кыргыз жана дүйнөлүк адабияты окуучуларды башка элдердин адабияты жана маданияты менен тааныштырып, ошол аркылуу өз маданиятын сыйлоо жана баалоо сезимин калыптандырат; окуучулар улуттук маданиятты сыйлап, дүйнөлүк маданият менен байланышы бар кеңири көз караштарды кабыл алууга үйрөнүшөт.

Бул мамилелер башталгыч класстардагы кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты үйрөнүүдө окуучулардын тилдик жана чыгармачылык жөндөмдөрүн жогорку деңгээлде өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Кыргыз жана дүйнө адабияты сабагы 5-6-класстарга жаңы  киргизилип жаткандыктан, анын натыйжалуу окутулушу окуучулардын тил билүү деңгээлине түздөн-түз байланыштуу. Бул курактагы балдар көркөм чыгармаларды түшүнүүнүн жана анализдөөнүн баштапкы этабында тургандыктан, аларга ылайыктуу методдорду жана стратегияларды колдонуу мугалимдин негизги милдети болуп саналат.

Окуучулардын тил билүү деңгээли алардын көркөм тексттерди түшүнүүсүнө жана адабий компетенциясын өнүктүрүүгө таасир этет. Жалпысынан, 5-6-класстардагы окуучулардын тил билүү деңгээли төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- А1 (элементардык деңгээл) – негизги сүйлөмдөрдү түшүнөт, кыска жана жеңил тексттерди окуй алат.
- А2 ( базалык деңгээл) – кыска баяндарды, жомокторду жана окуяларды түшүнөт, жөнөкөй анализ жүргүзө алат.

Кыргыз жана дүйнө адабиятын өздөштүрүү окуучулардын тилдик, кептик көндүмдөрүн өнүктүрүү аркылуу ишке ашат. Ошондуктан, окуучулардын тил билүү деңгээлин жогорулатуу үчүн төмөнкү иштерди жүргүзүү сунушталат:

- Көркөм окуу көндүмдөрүн калыптандыруу.
- Окуганды түшүнүү боюнча көнүгүүлөрдү аткаруу.
- Чыгармага байланыштуу суроолорду түзүп, аларга жооп издөө.
- Оозеки жана жазуу маданиятын калыптандыруу.

Башталгыч класстарда адабиятты окутууда тил билүү деңгээли өтө маанилүү. Окуучулар тилдик, кептик жөндөмдөрүн жакшырткан сайын адабий чыгармаларды терең түшүнүүгө жетишет. Ошондуктан, мугалимдер тил билүү деңгээлин эске алуу менен окутуу стратегияларын иштеп чыгып, окуучулардын адабий компетенциясын өнүктүрүүгө көңүл бурушу керек.

Кыргыз жана дүйнө  адабиятын экинчи тил катары окутуу – окуучулардын тилдик жана адабий компетенттүүлүгүн өнүктүрүүчү маанилүү процесс. Бул процессте тил билүү деңгээлдерин эске алуу зарыл, анткени окуучулардын тилге болгон даярдыгы алардын чыгармаларды түшүнүүсүнө, анализдөө жөндөмүнө жана адабий чыгармачылыкка аралашуусуна түздөн-түз таасир этет.

## II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

Кыргыз тили жана дүйнө адабияты сабагында төмөндөгү предметтик компетенттүүлүктөр калыптанууга тийиш. Алар башталгыч билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөнкүчө аныкталды:

**Окурмандык компетенттүүлүк** – башталгыч класстын окуучулары үчүн кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты түшүнүү жана тексттер менен иштөө жөндөмүн калыптандыруу. Бул компетенттүүлүк аркылуу балдар жомокторду, ырларды жана кыскача аңгемелерди окуп, негизги маанисин түшүнүүгө, каармандардын аттарын эстеп калууга жана окуянын өнүгүшүнө кызыгуу жаратууга үйрөнүшөт.

**Эмоционалдык-баалуулук компетенттүүлүгү** – окуучулардын адабий чыгармаларды угуп же окуп, аларга карата өзүнүн эмоциясын билдирүүсү, каармандардын жакшы же жаман сапаттарын айырмалай билиши. Балдар адабияттын негизинде боорукердик, достук, адилеттүүлүк, эмгекчилдик сыяктуу маанилүү баалуулуктарды түшүнүп, аларды өз турмушунда колдонууну үйрөнүшөт.

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – окуучулардын адабиятка болгон кызыгуусун арттыруу жана чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу. Башталгыч класстарда бул компетенттүүлүк жомокторду улантып айтып берүү, сүрөт тартуу, тексттерди сахналаштыруу, каармандардын атынан кат жазуу же кичинекей ырларды жаратуу сыяктуу иш-чаралар аркылуу өнүктүрүлөт.

Кыргыз жана дүйнө адабиятын экинчи тил катары окутууда тил билүү деңгээлдерин эске алуу окуучулардын тилди өздөштүрүү процессин жеңилдетет жана адабий чыгармаларды терең түшүнүүгө шарт түзөт. Мугалимдер окуучулардын тил билүү деңгээлине жараша окутуу методдорун тандап, ар бир деңгээлге ылайыктуу тапшырмалар менен камсыз кылышы керек. Туура тандалган методдор окуучулардын адабий чыгармаларды түшүнүү, анализдөө жана чыгармачылык менен иштөө жөндөмүн өркүндөтүүгө жардам берет. Предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун негизи болуп эсептелет жана алар менен биргеликте өнүгөт. Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн байланышы окуучулардын реалдуу коммуникативдик муктаждыктары, интерактивдүү окутуу, ар түрдүү окуу ишмердүүлүгү, чыныгы жашоого жакын баарлашуу кырдаалдары, сүйлөө өнүгүүсүнө багытталган көнүгүүлөр жана коомдук жашоонун ар түрдүүлүгүн чагылдырган тексттер аркылуу ишке ашырылат.

## III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар)

Кыргыз жана дүйнө адабияты предметинин мазмуну коммуникативдик-функционалдык мамилеге ылайык негизги жана предметтик компетентүүлүктөрдү калыптандыруучу **көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)**, а**дабий каарман**, **көркөм кеп (сөз), автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)** деген 4 мазмундук багытка топтолгон.

**1-мазмундук багыт: Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар).** Чыгарманын түзүлүшүн жана анын жанрдык өзгөчөлүктөрүн түшүндүрөт. Окуучулар окуянын башталышын, негизги окуяларды жана жыйынтыгын айырмалоого үйрөнүшөт. Жомок, аңгеме, ыр сыяктуу жанрларды таанып, алардын айырмасын билишет.

**2 - мазмундук багыт: Адабий каарман**. Чыгармадагы каармандардын мүнөзүн жана иш-аракеттерин талдоо. Окуучулар каармандардын жакшы жана жаман сапаттарын ажыратып, алардын жүрүм-турумун баалай алышат.

**3 - мазмундук багыт: Көркөм кеп (сөз)**. Чыгармадагы маанилүү сөздөрдү жана көркөм каражаттарды түшүнүү. Окуучулар жаңы сөздөрдү үйрөнүп, аларды туура колдонууга, чыгарманын негизги оюн ачууга үйрөнүшөт.

**4 – мазмундук багыт: Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)**. Чыгарманын авторун жана анын оюн түшүнүү. Окуучулар автордун эмнени билдиргиси келгенин жана чыгарманын негизги маанисин чечмелөөгө аракет кылышат.

Мазмундук багыттар аркылуу окуучулар адегенде текст окуу көндүмү калыптануу менен, бардык предметтерди өздөштүрүүнүн негиздерине көнүгөт, алгачкы адабий терминдерди жана түшүнүктөрдү өздөштүрүү камсыз болот, окуучуларды балдар үчүн ата мекендик жана дүйнөлүк

классикалык адабиятынын үлгүлөрү менен тааныштырат, окуу жана түшүнүү ишмердиги, андан ары окурмандык ой жүгүртүүсүн кеңейтет.

Көрсөтүлгөн мазмундук багыттардагы иш-аракеттер бири-бири менен концентрация принциби боюнча айкалышта ишке ашат, алар улам кийинки класстарда окуу материалдары уланмалуулук аркылуу тереңдетилип кеңири өздөштүрүлөт. Окуучулардын кебин өстүрүү жана баарлашуу, окуу ишмердигин өнүктүрүү иштери сүйлөө-жазуу жана окуу жана түшүнүү ишмердиги менен бирге ырааттуу ишке ашат, улуттук жана дүйнөлүк балдар адабиятынын мыкты үлгүлөрү менен таанышып, окурмандыгы артат.

**Таблица 1 – Башталгыч класстар (5-6-класстар) үчүн мазмундук багыттар жана предметтик компетенттүүлүктөр боюнча билим берүүнүн натыйжалары**

| **Мазмундук багыт линиялар** | **Кеп ишмердүүлүгү** | **Күтүлүүчү натыйжалар** | |
|---|---|---|---|
| | | **5 - класстар** | **6 - класстар** |
| **Окурмандык компетенттүүлүк** | | | |
| **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **Угуу** | • Уккан чыгармасынын (жомокторду, аңгемелерди) угуп, негизги окуяны маанисин түшүнүшөт.<br>• Каармандар ким экенин жана эмне кылганын айтып түшүнүшөт.<br>• Окуянын башталышын, негизги бөлүгүн жана жыйынтыгын айырмалай алышат. | • Көркөм чыгармаларды угуп, негизги окуяны жана анын маанисин түшүнүшөт.<br>• Каармандардын мүнөзүн, алардын иш-аракеттерин айырмалай алышат.<br>• Окуянын башталышын, өнүгүшүн жана жыйынтыгын аныкташат.<br>• Уккан тексттин маанилүү деталдарын эстеп, алар жөнүндө өз оюн билдире алышат |
| | **Сүйлөө** | • Жомок же аңгеменин мазмунун кыскача айтып бере алышат.<br>• Каармандар жөнүндө суроолорго жооп беришет.<br>• Окуянын уландысын ойлоп таап, кыскача баяндап бере алышат.<br>• Өз ойлорун жөнөкөй сүйлөмдөр менен айта алышат. | • Окуяны өз сөзү менен баяндап бере алышат.<br>• Чыгарманын негизги идеясы жана каармандардын аракеттери боюнча пикир айтышат.<br>• Тексттин негизинде каармандарга мүнөздөмө беришет.<br>• Сюжеттин өнүгүшү тууралуу божомол айтып, окуянын уландысын сунушташат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Окуп-түшүнүү** | • Жомокторду, ырларды, кыска аңгемелерди окуп, алардын маанисин түшүнүшөт.<br>• Чыгарманын кайсы жанрга тиешелүү экенин айырмалай алышат (жомок, ыр, аңгеме).<br>• Окуянын негизги бөлүктөрүн аныктап, башталышы, негизги окуясы жана жыйынтыгы тууралуу айтып бере алышат.<br>• Каармандардын ким экенин жана кандай сапаттары бар экенин түшүнүшөт | • Чыгарманын жанрын (жомок, аңгеме, поэма ж.б.) айырмалай алышат.<br>• Композициялык түзүлүшүн (башталышы, негизги окуясы, жыйынтыгы) түшүнүшөт.<br>• Чыгарманын негизги идеясын жана автордун оюн аныкташат.<br>• Каармандардын иш-аракеттерине баа беришет жана алардын жүрүм-турумун түшүндүрүшөт. |
| | **Жазуу** | • Окуянын негизинде кыскача баяндама жазышат.<br>• Каармандын атынан кыска кат же билдирүү жазууга аракет кылышат.<br>• Чыгарманын маанилүү бөлүгүн сүрөт же жазуу аркылуу түшүндүрүшөт.<br>• Өз ойлорун жөнөкөй текст түрүндө баяндоо көндүмдөрүн өздөштүрүшөт. | • Окуянын кыскача баяндамасын жазышат.<br>• Каармандын атынан күндөлүк же кат түрүндө ой бөлүшүшөт.<br>• Чыгарманын маанилүү бөлүгүн сүрөттөө же улантуу менен жазышат.<br>• Өз ой-пикирлерин жөнөкөй текст түрүндө баяндоого үйрөнүшөт. |
| **Адабий каарман** | **Угуу** | • Чыгармадагы негизги каармандардын аттарын жана мүнөзүн ажырата алат.<br>• Каармандардын образы боюнча суроолорго жооп бере алат. | • Каармандардын ортосундагы мамилелерди түшүнүп, аларга баа бере алат.<br>• Чыгармадагы каармандын маанилүү сөздөрүн жана диалогдорун угуп, алардын маанисин талдай алат. |
| | **Сүйлөө** | • Каармандын мүнөзүн жөнөкөй сөздөр менен сүрөттөйт.<br>• Каармандын жакшы же жаман сапаттарын айтып бере алат. | • Каармандын ички дүйнөсүн жана ойлорун чечмелеп айтып бере алат.<br>• Чыгармадагы каармандардын ортосундагы айырмачылыктарды жана окшоштуктарды талкуулайт. |
| | **Окуп түшүнүү** | • Чыгарманын каармандарын салыштырып, алардын аракеттеринин маанисин түшүндүрө алат.<br>• Каармандын негизги максатын жана жүрүм-турумун аныктай алат. | • Каармандын жүрүм-турумун окуянын өнүгүшү менен байланыштырып түшүндүрөт.<br>• Каармандын өзгөрүүсүн жана анын себебин аныктай алат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Жазуу** | • Каармандар тууралуу кыскача баяндама жазат.<br>• "Мен ушул каармандын ордунда болсом..." деген темада ой жүгүртүп жаза алат. | • Каармандын окуядагы ордун жана анын негизги сапаттарын сүрөттөп жаза алат.<br>• Чыгарманын каарманына кат жазуу же анын жашоосунан уланды жаза алат. |
| **Көркөм кеп (сөз)** | **Угуу** | • Чыгармадагы негизги сөздөрдү угуп, алардын маанисин түшүнө алат.<br>• Көркөм каражаттар колдонулган сүйлөмдөрдү угуп, алардын маанисин түшүндүрө алат. | • Көркөм каражаттар менен берилген тексттерди угуп, алардын маңызын түшүнө алат.<br>• Чыгармадагы маанилүү ойлорду угуп, алардын маанисин талдай алат. |
| | **Сүйлөө** | • Чыгармадагы негизги сөздөрдү угуп, алардын маанисин түшүнө алат.<br>• Көркөм каражаттар колдонулган сүйлөмдөрдү угуп, алардын маанисин түшүндүрө алат. | • Көркөм сөздөрдү колдонуп, текстти баяндап бере алат.<br>• Кептик каражаттардын жардамы менен өз оюн так жана кызыктуу айтып бере алат. |
| | **Окуп-түшүнүү** | • Чыгармадагы сөздөрдүн маанисин тексттин мазмунуна жараша түшүнөт.<br>• Көркөм сөздөрдү жана сүрөттөө каражаттарын тааный алат. | • Көркөм сөздөрдүн тексттеги ролун түшүнөт жана аларды тааный алат.<br>• Окурмандык эмоция менен чыгарманы окуп, анын маанисин анализдей алат |
| | **Жазуу** | • Жөнөкөй тексттерди көркөм сөздөрдү колдонуп жазууга аракет кылат.<br>• Макал-лакаптардын маанисин түшүндүрүп, аларды колдонуп жаза алат. | • Кыска тексттерди жазып, көркөм сөз каражаттарын колдонууга аракет кылат.<br>• Өз оюн көркөм сөздөр аркылуу түшүндүрүп жаза алат. |
| **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)** | **Угуу** | • Автордун оюн, анын жазган чыгармасын угуп, анын негизги идеясын түшүнө алат.<br>• Автордун дүйнөсүнө жараша түзүлгөн чыгармалардагы маанилүү сөздөрдү жана идеяларды аныктай алат. | • Чыгарманын авторунун дүйнөсүн угуп, анын жазган темасы жана мазмуну тууралуу түшүнүк алат.<br>• Автордун чыгармада камтылган негизги идеясы жана көз карашы боюнча угуп, аны талдай алат. |
| | **Сүйлөө** | • Чыгарманын авторунун көз карашын жана дүйнөсүн сүйлөп бере алат.<br>• Автордун дүйнөсүндөгү каармандар жана алардын аракеттери тууралуу өз ойлорун айтууга аракет кылат. | • Автордун дүйнөсүн анализдеп, анын көз карашы боюнча пикир билдирет.<br>• Чыгармадагы автордун сунуштарынын маанисин түшүндүрүп, аны кеңири баяндап берет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Окуп-түшүнүү** | • Автордун кайсы маселелерди көтөрүп жатканын жана алардын маанисин аныктай алат.<br>• Автордун жеке пикирин тексттен ажыратып, автордун көз карашы боюнча ой жүгүртөт. | • Автордун дүйнөсүн түшүнүп, анын чыгармада кайсы маселе тууралуу ой жүгүрткөнүн жана кантип ачканын талдай алат.<br>• Чыгармадагы автордун идеясын аныктап, аны ички мазмун менен байланыштырып түшүндүрө алат. |
| | **Жазуу** | • Чыгарманын авторунун көз карашы боюнча кыскача түшүндүрмө жаза алат.<br>• Өзүнүн ой-пикирин жана түшүнүгүн автордун дүйнөсүнө ылайык жазып чыгат. | • Чыгарманын авторунун көз карашы боюнча аныктама жана түшүндүрмө жаза алат.<br>• Автордун көз карашынан чыгып, өзүнүн пикирин жазуу аркылуу билдире алат. |
| **Эмоционалдык-баалуулук компетенттүүлүгү** | | | |
| **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **Угуу** | • Жомокторду, аңгемелерди жана ырларды угуп, каармандардын сезимдерин түшүнөт.<br>• Сюжеттин өнүгүүсүнө жараша окуялардын эмоционалдык таасирин сезет. | • Чыгарманы угуп, анын эмоциялык боёкторун жана атмосферасын кабыл алат.<br>• Каармандардын сезимдерин жана окуялардын өнүгүүсүн анализдей алат. |
| | **Сүйлөө** | • Окуянын маанилүү учурларын сүрөттөп, каармандардын сезимдери тууралуу ойлорун айтат.<br>• Өзүнө жаккан чыгарманы эмнеге жакканын түшүндүрүп, сезимдери менен бөлүшөт. | • Чыгарманын каармандарынын жүрүм-турумун жана алардын эмоциялык абалын талдап сүйлөйт.<br>• Өзүнүн сезимдерин билдирип, чыгарманын кайсы жери ага таасир эткенин негиздейт. |
| | **Окуп-түшүнүү** | • Чыгармадагы окуялардын өнүгүшүнө жараша каармандардын сезимдерин жана эмоционалдык өзгөрүүлөрүн түшүнөт.<br>• Жанрлардын өзгөчөлүктөрүн байкап, алардын окурманга тийгизген таасирин баамдайт. | • Сюжеттин өнүгүүсүн, каармандардын эмоцияларын жана жанрдык өзгөчөлүктөрдү айырмалайт.<br>• Композициянын түзүлүшүнө жараша чыгармалардагы эмоционалдык күчтү талдайт |
| | **Жазуу** | • Каармандардын сезимдерин жана окуялардын эмоционалдык маанисин сүрөттөгөн кыскача ойлорун жаза алат.<br>• Өзүнө таасир калтырган чыгарма боюнча ойлорун күндөлүк же чакан эссе түрүндө баяндап берет. | • Чыгармадагы эмоциялык кырдаалдар тууралуу пикир жазып, анын каармандарга жана окурманга тийгизген таасирин баяндоо.<br>• Өзүнүн жашоосундагы окшош кырдаалдар менен байланыштырып ой жүгүртөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Адабий каарман | Угуу | • Адабий каармандардын мүнөзүн, эмоцияларын жана жүрүм-турумун угуп түшүнөт.<br>• Окуянын өнүгүшүнө жараша каармандардын эмоциялык өзгөрүүлөрүн кабыл алат. | • Каармандын эмоционалдык абалын, анын өзгөрүүсүн жана өнүгүүсүн угуп, түшүнөт.<br>• Каармандын окуядагы ордун, сезимдерин жана аракеттеринин себептерин анализдей алат. |
| | Сүйлөө | • Чыгармадагы каармандардын мүнөзүн сүрөттөп, алардын эмоцияларын жана жүрүм-турумун талдайт.<br>• Каармандардын кандай сапаттары ага жакканын же жакпаганын түшүндүрүп айтат | • Каармандын жүрүм-турумуна баа берип, анын жакшы жана жаман сапаттарын талдайт.<br>• Өзүнө жакын же түшүнүктүү болгон каармандар тууралуу ойлорун негиздүү айтып бере алат. |
| | Окуп түшүнүү | • Адабий каармандардын негизги мүнөздөрүн, эмоцияларын жана алардын окуяга болгон таасирин ажырата алат.<br>• Каармандардын жүрүм-туруму аркылуу алардын ички дүйнөсүн түшүнүп, окурмандын сезимдерин ойгото турган факторлорду табат. | • Каармандын ички дүйнөсүн, эмоцияларын жана окуянын өнүгүшүнө тийгизген таасирин түшүнөт.<br>• Автордун каармандар аркылуу берген негизги ойлорун жана эмоциялык боёкторун ажырата алат. |
| | Жазуу | • Өзүнө жаккан каармандын мүнөздөмөсүн жазып, анын аракеттерин баалайт.<br>• Каармандын жүрүм-туруму боюнча өз оюн билдирип, аны жашоодогу реалдуу кырдаалдар менен салыштырат. | • Каармандын иш-аракеттери жана жүрүм-туруму боюнча пикир жазып, аны жеке көз карашында баалайт.<br>• Өзүнүн жашоосундагы адамдар менен адабий каармандарды салыштырып, алардын ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды баяндап берет. |
| **Көркөм кеп (сөз)** | **Угуу** | • Көркөм чыгармалардагы сүрөттөөчүлүк сөздөрдү, эпитеттерди, салыштырууларды, кайталанууларды угуп, алардын маанисин түшүнөт.<br>• Чыгармадагы каармандардын сүйлөгөн сөздөрүн жана алардын маанайын угуп, кабыл алат. | • Көркөм кепте колдонулган салыштырууларды, метафораларды жана башка көркөм каражаттарды угуп, алардын эмоционалдык таасирин түшүнөт.<br>• Чыгармадагы каармандардын сүйлөгөн сөздөрүнүн астарында жашырылган маанини угуп, түшүнө алат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Сүйлөө** | • Окуган чыгармалардан өзүнө жаккан көркөм сөздөрдү колдонуп, ой-пикирин билдирет.<br>• Каармандардын сүйлөгөн сөздөрүн жана анын маанисин түшүндүрүп берет | • Чыгармадан алган таасирин баяндап, көркөм сөздөрдү колдонууга аракеттенет.<br>• Каармандардын сүйлөгөн сөздөрүнүн эмоционалдык боёгун чечмелеп, алардын маанисин талдайт. |
| | **Окуп-түшүнүү** | • Көркөм тексттеги кептик өзгөчөлүктөрдү таанып, алардын маанисин түшүнөт.<br>• Чыгармадагы эмоционалдык боёкторду берүүчү сөздөрдү ажыратып, алар окуяга кандай таасир этерин талдайт. | • Көркөм сөздөрдүн тексттеги маанисин, чыгарманын мазмунуна болгон таасирин түшүнөт.<br>• Чыгармадагы эмоционалдык баалуулуктарды көркөм кеп аркылуу кантип берилгенин талдайт. |
| | **Жазуу** | • Өзүнүн ойлорун көркөм сөздөрдү колдонуу менен кыскача баяндап жаза алат.<br>• Чыгармадагы каармандардын сүйлөгөн сөздөрүн талдап, алардын маанисин чечмелеп жазат | • Көркөм чыгармалардан алган таасирин көркөм сөздөрдү колдонуу менен кыскача баяндай алат.<br>• Чыгармадагы негизги ойлорду, каармандардын сүйлөгөн сөздөрүн чечмелеп, өз оюн жазуу түрүндө билдирет. |
| **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)** | **Угуу** | • Чыгарманы угуп, анын автордук ой-пикирин түшүнөт.<br>• Автордун сүрөттөгөн дүйнөсүн элестетип, анын эмоциясын кабыл алат. | • Автордун чыгармасындагы маанилүү ойлорду угуп, анын эмоциялык таасирин түшүнөт.<br>• Чыгармадагы көркөм сүрөттөө каражаттарын угуп, автордук көз караштты ажырата алат. |
| | **Сүйлөө** | • Автордун чыгармасындагы негизги идеяны жана анын маанисин жөнөкөй сөздөр менен түшүндүрө алат.<br>• Чыгармадагы автордун эмоциясын жана көз карашын баяндап бере алат. | • Автордун чыгарма аркылуу берүүгө аракет кылган негизги ойлорун чечмелеп сүйлөйт.<br>• Өзүнүн кабыл алуусуна жараша автордун каармандарга болгон мамилесин талдайт. |
| | **Окуп-түшүнүү** | • Чыгарманын мазмунун жана автордун негизги оюн түшүнөт.<br>• Автордун каармандарды, окуяны сүрөттөө стили аркылуу анын позициясын сезет. | • Автордун көркөм дүйнөсүн тексттин стили, сүрөттөө каражаттары аркылуу таанып, аны талдайт.<br>• Чыгарманын негизги идеясын, автордун көз карашын түшүнүп, аны аргументтер менен далилдеп берет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Жазуу** | • Окуган чыгармасы боюнча автордун оюн өзүнүн түшүнүгүнө жараша кыскача баяндап жаза алат.<br>• Чыгармадагы автордук көз карашты түшүндүрүп, ага болгон өзүнүн сезимдерин билдирет | • Чыгарманын автордук идеясын түшүндүрүп, ага болгон өзүнүн мамилесин жазуу аркылуу билдирет.<br>• Чыгармадагы эмоционалдык боёкту кармап, автордун дүйнө таанымына байланыштуу өз оюн жазат. |
| **Адабий чыгармачылык компетенттүүлүгү** | | | |
| **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **Угуу** | • Көркөм чыгармалардын (жомок, аңгеме, баян, поэтикалык чыгармалар) мазмунун угуп, негизги окуяларды түшүнөт.<br>• Угулган чыгармадан каармандарды, окуялардын ырааттуулугун жана автордук оюн ажырата алат.<br>• Угулган тексттеги эмоцияларды, сезимдерди жана маанайды тааныйт.<br>• Көркөм каражаттарды (салыштыруу, метафора, эпитет ж.б.) угуу аркылуу түшүнөт | • Көркөм чыгармаларды угуп, алардын негизги мазмунун жана темасын түшүнөт.<br>• Каармандардын мүнөзүн, окуянын өнүгүшүн, автордук идеяны угуу аркылуу талдай алат.<br>• Чыгарманын эмоционалдык боёгун жана көркөм каражаттарын ажыратып, чечмелөөгө аракеттенет.<br>• Чыгармадагы окуяларды жана каармандарды угуу аркылуу салыштырып, өзүнүн пикирин билдирет. |
| | **Сүйлөө** | • Окуган же уккан чыгарманы кыскача, ырааттуу баяндап бере алат.<br>• Каармандардын мүнөзүн сүрөттөп, алардын иш-аракеттерин баалай алат.<br>• Чыгарманын темасы жана идеясы боюнча өз оюн билдирип, жөнөкөй деңгээлде талкуулайт.<br>• Чыгарма боюнча суроолорго жооп берип, чакан баян айтып бере алат. | • Чыгарманын мазмунун деталдуу баяндап бере алат.<br>• Окурмандык таасирлерин негиздеп, өз көз карашын билдирет.<br>• Каармандардын ортосундагы карым-катнаштарды, алардын психологиялык мүнөзүн талдай алат.<br>• Чыгарма боюнча дискуссияларга катышып, суроолорго жооп берип, өзүнүн пикирин далилдүү айтууга үйрөнөт.<br>• Чакан баян, окуянын уландысын түзүп сүйлөп бере алат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Окуп-түшүнүү** | • Көркөм тексттин негизги мазмунун түшүнүп, окуянын өнүгүшүнө көз салып окуйт.<br>• Каармандардын ортосундагы мамилелерди, алардын иш-аракеттерин анализдөөгө аракеттенет.<br>• Чыгарманын негизги темасын, идеялык маанисин ажыратып, өзү үчүн жыйынтык чыгарат.<br>• Көркөм формаларды (баяндоо, сүрөттөө, диалог ж.б.) жана мазмундук линияларды байкайт. | • Көркөм чыгармаларды аң-сезимдүү окуп, алардын түзүмүн анализдөөгө аракеттенет.<br>• Чыгарманын башталышын, өнүгүшүн, кульминациясын жана жыйынтыгын аңдап түшүнөт.<br>• Автордун стилин, идеялык багытын, каармандардын өзгөчөлүктөрүн талдоого аракеттенет.<br>• Көркөм формаларды жана мазмундук линияларды салыштырып, чыгармадагы көркөмдүк деңгээлин баалайт. |
| | **Жазуу** | • Чыгарманын мазмунун кыскача баяндап жаза алат.<br>• Берилген темада чакан эссе, баян, каармандын мүнөздөмөсүн жазат.<br>• Өзүнүн таасирлерин жана ойлорун логикалык ырааттуулукта кагазга түшүрөт.<br>• Чыгарманын уландысын кыскача элестетип, жаза алат.<br>• Жазууда орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди сактайт. | • Чыгарманын негизинде кеңири ой жүгүртүп, логикалык ырааттуулукта жазат.<br>• Берилген темада кеңири баяндоо, эссе же чыгарманын анализин жаза алат.<br>• Чыгармадагы каармандарга мүнөздөмө берип, алардын өзгөрүүлөрүн талдайт.<br>• Автордук стильге жараша кыскача уланды, чыгармачылык иш жазууга аракеттенет.<br>• Жазууда грамматикалык тактыкты жана стилистикалык талаптарды сактайт. |
| **Адабий каарман** | **Угуу** | • Угулган көркөм тексттеги негизги каармандарды аныктай алат.<br>• Каармандардын негизги мүнөздөмөлөрүн (сырткы келбетин, мүнөзүн, жүрүм-турумун) угуу аркылуу түшүнөт.<br>• Каармандардын ортосундагы мамилелерди, алардын эмоциялык абалын угуп, ажырата алат.<br>• Каармандын окуялардын өнүгүшүндөгү ролун жана маанисин түшүнүүгө аракеттенет. | • Угулган көркөм чыгармалардын негизинде каармандын мүнөзүн, анын иш-аракеттеринин себептерин түшүнөт.<br>• Каармандын сезимдерин, эмоцияларын угуу аркылуу анализдөөгө аракеттенет.<br>• Чыгармадагы каармандардын ортосундагы мамилелерди угуп, алардын өзгөрүүсүнө көңүл бурат.<br>• Автордун каарманга берген баасын түшүнүүгө жана аны угуу аркылуу чечмелөөгө аракеттенет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Сүйлөө** | • Чыгармадагы башкы жана кошумча каармандарды салыштырып, алардын айырмачылыктарын түшүндүрөт.<br>• Каармандын жасаган иш-аракеттерин туура же туура эмес деп баалап, өз пикирин айтууга аракеттенет.<br>• Каармандын образын баяндоо үчүн негизги сүрөттөө каражаттарын (эпитет, салыштыруу ж.б.) колдонууга аракеттенет.<br>• Каармандын жүрүм-турумуна жараша окуянын мүмкүн болгон уландысын сунуштап, ойлорун далилдүү билдирет. | • Башкы жана көмөкчү каармандардын ортосундагы айырмачылыктарды түшүндүрүп бере алат.<br>• Каармандардын өзгөрүүлөрүн, алардын ички дүйнөсүн жана ой жүгүртүү логикасын талдайт.<br>• Каармандын жүрүм-турумуна жараша анын келечектеги аракеттерин болжолдоп, өз оюн негиздүү билдирет.<br>• Берилген образды талкуулап, анын оң жана терс жактарын талдап, аргументтүү ой жүгүртөт. |
| | **Окуп түшүнүү** | • Чыгармадагы каармандардын ролун, алардын окуялар менен байланышын түшүнөт.<br>• Каармандардын иш-аракеттерине жараша алардын мүнөздөмөсүн түзөт.<br>• Башкы жана көмөкчү каармандарды салыштырып, алардын өзгөчөлүктөрүн талдоого аракеттенет.<br>• Каармандын жүрүм-туруму чыгарманын темасы жана идеясы менен кандай байланышы бар экенин түшүнөт. | • Каармандын иш-аракетинин себептерин жана анын окуялардын өнүгүшүнө тийгизген таасирин түшүнөт.<br>• Башкы жана кошумча каармандардын чыгармадагы ролун салыштырып талдай алат.<br>• Автордун каарманга болгон мамилесин түшүнүп, аны аргументтүү негизде чечмелейт.<br>• Каарман аркылуу берилген чыгарманын негизги идеялык мазмунун аңдап, өз оюн билдирет. |
| | **Жазуу** | • Чыгармадагы каарман тууралуу кыскача мүнөздөмө жазат.<br>• Каармандын мүнөзүн ачып берүүчү окуяны баяндап жаза алат.<br>• Өз алдынча каарман жаратып, анын мүнөзүн сүрөттөөчү чакан чыгарма (аңгеме, баян) жазууга аракеттенет.<br>• Чыгарманын каарманынын жүрүм-туруму боюнча өз оюн жазып, анын туура же туура эмес экенин далилдүү баяндоого аракеттенет. | • Чыгармадагы каарманга мүнөздөмө берип, анын өзгөрүүсүн жана өнүгүүсүн баяндап жаза алат.<br>• Каармандын ордуна туруп, анын атынан ой жүгүртүү аркылуу чыгармачылык текст жазууга аракеттенет.<br>• Чыгармадагы каармандын иш-аракеттерине баа берип, аны далилдөөчү аргументтерди камтыган текст жазат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Көркөм кеп (сөз)** | **Угуу** | • Угулган чыгармадан көркөм кептин негизги өзгөчөлүктөрүн байкайт (баяндоо, сүрөттөө, диалог).<br>• Каармандардын сүйлөө стилин угуп, алардын мүнөзүнө ылайык баа бере алат.<br>• Чыгармада колдонулган көркөм каражаттарды (салыштыруу, метафора, эпитет) угуу аркылуу тааныйт.<br>• Чыгарманын эмоциялык боёгун жана көркөмдүк деңгээлин угуу аркылуу түшүнөт. | • Чыгармадагы көркөм кептин түзүлүшүн түшүнүп, анын негизги элементтерин угуу аркылуу тааныйт.<br>• Чыгармадагы эмоциялык боёкту, образдуулукту жана стилистикалык өзгөчөлүктөрдү ажырата алат.<br>• Автордук баяндоо менен каармандардын диалогдорунун айырмасын угуу аркылуу анализдейт.<br>• Чыгармадагы көркөм каражаттарды угуп, алардын маанисин чечмелөөгө аракеттенет |
| | **Сүйлөө** | • Чыгармадагы көркөм кепти туура колдонуп, каармандардын диалогдорун кайталап бере алат.<br>• Өз оюн так, образдуу жана көркөм каражаттар менен жеткирүүгө аракеттенет.<br>• Чыгарманын мазмунун баяндоодо көркөм кептин элементтерин (эмоция, боёк, стиль) сактоого умтулат.<br>• Өз алдынча окуяны көркөм стиль менен айтып бере алат. | • Чыгарма боюнча баяндап берүүдө көркөм кептин элементтерин колдоно алат.<br>• Өз оюн көркөм каражаттар менен кооздоп айтууга аракеттенет.<br>• Каармандардын сүйлөө стилин эске алып, алардын ордунда сүйлөй алат.<br>• Берилген темада кызыктуу, образдуу баяндама кура алат. |
| | **Окуп-түшүнүү** | • Көркөм чыгарманы окуп, анда колдонулган көркөм кептин өзгөчөлүктөрүн түшүнөт.<br>• Баяндоо, сүрөттөө жана диалогдорду айырмалай алат.<br>• Автордун кеп стилин, анын эмоционалдык таасирин анализдөөгө аракеттенет.<br>• Көркөм чыгармалардагы сөздөрдүн маанисин, алардын образдуулугун түшүнүүгө аракеттенет. | • Чыгармадагы көркөм кептин түзүмүн анализдеп, анын мазмунга тийгизген таасирин түшүнөт.<br>• Чыгарманын стилин, көркөмдүк каражаттарын жана тилдик өзгөчөлүктөрүн баалоого аракеттенет.<br>• Автордун көркөм кепти колдонуудагы максатын жана анын окурманга тийгизген таасирин түшүнөт.<br>• Окурман катары көркөм тексттин тили боюнча өз оюн билдире алат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Жазуу** | • Чыгарма боюнча чакан баян жазып, анда көркөм кептин элементтерин колдонууга аракеттенет.<br>• Берилген темада сүрөттөө жана баяндоо стилинде чакан текст жаза алат.<br>• Чыгармадагы каармандардын сүйлөө өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен диалог түзөт.<br>• Көркөм каражаттарды колдонуп, өз алдынча чакан аңгеме же окуя жаза алат. | • Чыгарма боюнча кеңири баян жазып, көркөм кептин өзгөчөлүктөрүн колдоно алат.<br>• Көркөм каражаттарды активдүү колдонуп, кыскача баяндоо, аңгеме жазат.<br>• Чыгармадагы диалогдорду туура түзүп, каармандардын мүнөзүнө ылайык тил стилин сактайт.<br>• Берилген тема боюнча сүрөттөө, баяндоо жана диалог элементтерин камтыган текст жаза алат. |
| **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)** | **Угуу** | • Угулган көркөм чыгармадан автордун атын жана анын чыгармасынын негизги мазмунун билүүгө аракеттенет.<br>• Автордун баяндоо стилин угуу аркылуу таанып, анын чыгармачылыгына мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү ажырата алат.<br>• Угулган чыгармадан автордун эмоциялык жана идеялык көз карашын түшүнүүгө аракет кылат.<br>• Чыгармадагы окуялар, каармандар аркылуу автордун оюн уга алат жана ага карата өз пикирин айтууга умтулат. | • Угулган чыгармадан автордун ой жүгүртүү стилин, дүйнө таанымын түшүнүүгө аракеттенет.<br>• Автордун баяндоо ыкмасы менен каармандарын сүрөттөө ыкмасын угуу аркылуу ажырата алат.<br>• Чыгармадагы окуялар аркылуу автордун моралдык жана философиялык көз карашын уга алат.<br>• Автордун башка чыгармаларында окшош тема, идея же стиль бар-жогун салыштырып, түшүнүүгө умтулат. |
| | **Сүйлөө** | • Автордун ким экендигин, анын чыгармачылыгын жөнөкөй түшүндүрүп бере алат.<br>• Автордун баяндоо стилине мүнөздүү белгилерди атап, алар тууралуу ой бөлүшөт.<br>• Чыгарма боюнча автордун эмнени айткысы келгенин түшүндүрүүгө аракеттенет.<br>• Автордун баяндоо стилин туурап, окуяны анын тилинде кайра айтып берүүгө аракет кылат. | • Автордун чыгармачылыгы тууралуу кененирээк маалымат айтып бере алат.<br>• Автордун баяндоо стилине талдоо жүргүзүп, анын окурманга тийгизген таасирин түшүндүрөт.<br>• Чыгарма боюнча автордун негизги оюн түшүндүрүп, ага карата өз көз карашын билдирет.<br>• Автордун стилин туурап, чыгарма боюнча сүйлөп бере алат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Окуп-түшүнүү** | • Чыгарманын автору жана анын өмүрү тууралуу маалыматты окуп, негизги учурларды эстеп калат.<br>• Автордун баяндоо стилин тексттен таап, анын негизги өзгөчөлүктөрүн түшүндүрө алат.<br>• Автордун көз карашын, анын эмнени баяндагысы келгенин чыгармадан түшүнүүгө аракеттенет.<br>• Чыгарманын мазмуну менен автордун турмуштук окуяларын байланыштырууга аракет кылат. | • Чыгарманын автору тууралуу кеңири маалымат окуп, анын өмүр жолу менен чыгармаларынын байланышын табат.<br>• Автордун көркөмдүк ыкмаларын жана баяндоо стилин талдап, алардын өзгөчөлүктөрүн түшүнөт.<br>• Автордун чыгармадагы негизги оюн окуу аркылуу таап, анын коомго тийгизген таасирин талдай алат.<br>• Автордун башка чыгармалары менен салыштырып, анын темаларын, идеяларын жана стилдик өзгөчөлүктөрүн анализдейт. |
| | **Жазуу** | • Чыгарманын автору тууралуу кыскача баяндама жазат.<br>• Автордун баяндоо стилин туурап, чакан окуя жаза алат.<br>• Чыгарма боюнча автордун оюн кандай түшүнгөнүн жазып бере алат.<br>• "Эгер мен ушул чыгарманы жазсам, кандай болмок?" деген суроо менен автордук ой жүгүртүү жүргүзүп, өз нускасын жаза алат. | • Автор тууралуу кеңири маалымат жазып, анын чыгармачылыгынын маанисин баяндоого аракеттенет.<br>• Автордун баяндоо стилин туурап, чыгармага окшош чакан аңгеме же баян жазат.<br>• Чыгарма боюнча автордун негизги оюн түшүндүрүп, ага карата өз көз карашын далилдүү баяндап жаза алат.<br>• Чыгарманын авторунун ордуна туруп, анын стилинде жаңы окуя жаратып жаза алат. |

## IV. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ

Билим берүү процессинде башкы орун окутуу методдоруна таандык, метод канчалык майнаптуу болсо, балага мугалим тарабынан берилип жаткан билим ошончолук жугумдуу жана натыйжалуу болору бышык.

Метод – бул ишмердүүлүк, бул чыгармачылык. Ошол чыгармачылык аркылуу бул же тигил методго ар бир доордо, ар бир мугалим тарабынан жаңы нерселер кошулуп турат.

Билим берүү тармагындагы нормативдик-укуктук базага ылайык, окутуунун формалары менен усулдарын тандоо укугу мугалимге таандык. Мугалимдер колдонгон усулдар жана формалар бул стандартта көрсөтүлгөн предметтин өзгөчөлүктөрүнө, билим берүү жыйынтыктарынын мүнөзүнө жана окуучулардын муктаждыктарына негизделет.

**Орус, өзбек жана тажик тилдеринде окутулган мектептердеги “Кыргыз жана дүйнө адабияты” предметинин** өзгөчөлүктөрү менен билим берүү жыйынтыктары окутуунун методикасына өзгөчө талаптарды коёт.

Башталгыч мектепте экинчи тилди үйрөтүүдө эң маанилүү жагдай — **окуучуларды, анын ичинде мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды да, окутууга түрткү берген чөйрөдө иштөөгө**

**тартуу**. Мындай чөйрөдө окуучу өз алдынча маалымат издеп, аны иштеп чыгып, бөлүшүп, маалыматтык мейкиндикте эркин багыт алууга үйрөнүшү керек.

**Педагогикалык практикада** мотивациялык окутуу чөйрөсүн түзүүнүн көптөгөн ыкмалары колдонулат. Заманбап психология-педагогикалык илимдер бул жаатта төмөнкү негизги мамилелерди жана аракеттерди баса белгилейт:

- окуучулар менен биргеликте алдыда турган максатты түшүнүү жана аны кабыл алуу;
- сабакта өз ара түшүнүүчүлүк жана кызматташтык атмосферасын түзүү (офлайн, онлайн жана гибрид форматтарда);
- ийгилик атмосферасын жаратуу;
- жеке жана топтук иш формаларын колдонуу;
- сабакты өткөрүүнүн **стандарттык эмес** формалары:
    - таймаш жана оюн түрүндөгү сабактар: викторина, турнир ж.б.;
    - материалды **өзгөчө формада берүү**: ачык сабак, чыгармачыл отчёт ж.б.;
    - иш-чара түрүндөгү сабактар: экскурсия, саякат, сейилдөө ж.б.;
    - фантазия сабактары: жомок, спектакль ж.б.;
    - интеграцияланган сабактар;
- **оюн технологияларын**, маалыматтык жана көмөкчү (ассистивдик) технологияларды колдонуу.

Бул бардык методдор окуучуну **кептик баарлашууга**— тилдик өз ара аракеттенүү аркылуу **интерактивдүү окутууга** тартат. Бул өз кезегинде билим берүү процессин атайын уюштурууну талап кылат. Анда окуучу сабак учурунда башка окуучулар жана мугалим менен өз ара аракетке баруу аркылуу өзүн, коомду жана дүйнөнү таануунун белгилүү жолдорун өздөштүрөт жана өзүнүн билим алуу багытын калыптандырат.

Интерактивдүү окутуу жалпы билим берүү чөйрөсү (жагымдуу көп тараптуу байланыш, бардык катышуучулардын инклюзивдүү аралашуусу, ыңгайлуу психологиялык атмосфера, билим берүү мейкиндигинин атайын уюштурулушу) аркылуу жана түздөн-түз колдонулган ыкмалар аркылуу ишке ашат.

**Билим берүүдө сунушталган методдордун классификациясы:**

Бул классификация окуучунун окуу - таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнө таянып түзүлгөн жана предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган.

**1. Ой жүгүртүп окуу усулдары**

Бул ыкмалар текст менен иштөөдөгү жаңыча мамилени камсыздап, ар бир окуучуну окутуу процессине тартууга, темага кызыгуусун арттырууга жана ой жүгүртүүсүн активдештирүүгө жардам берет. Мисалы:

- ИНСЕРТ,
- Эки бөлүктүү күндөлүк,
- Жуп менен окуп, жыйынтыктоо,
- ЗХУ (Билем – Билгим келет – Билдим),
- Чаташкан логикалык чынжыр ж.б.

**2. Жазууну өнүктүрүү усулдары**

Окуучунун өз текстин жаратуу боюнча тапшырмалар терең түшүнүүнү калыптандырат, байкоо жүргүзүү жөндөмүн өстүрөт, жеке пикирди, жазуу стилин табууга көмөктөшөт. Мисалы:

- РАФТ,
- Эссе ж.б.

**3. Салыштыруу жана окшоштуктарды аныктоо усулдары**

Бул ыкмалар маалыматты классификациялоого, системалаштырууга, баалоого жардам берет. **Графикалык уюштуруучулар** (схема, диаграмма, таблица) кеңири колдонулат. Мисалы:

- Венн диаграммасы ж.б.

**4. Изилдөөчү ишмердүүлүккө үйрөтүү усулдары**

Окуучуну сабактагы изилдөө процессине тартуу: көйгөй коюу, чечүү жолдорун издөө, иштин ыкмаларын тандоо, жыйынтык чыгаруу жана өз ишин талдоо. Мисалы:

- Проект ыкмасы,
- Маалымат чогултуу жана иштеп чыгуу,
- Интервью, портфолио ж.б.

**5. Биргелешип окуу усулдары**

Окуучунун топто, жупта иштөөсүнө, бири-бири менен маалымат алмашуусуна, пикир талашууга үйрөтөт. Мисалы:

- Мээ чабуулу
- Жуп менен/кичине топ менен иштөө,
- Мозаика,
- Ар кандай талкуу формалары ж.б.

**Активдүү жана интерактивдүү усулдардын эң натыйжалуусу:**

- **Кейс-метод** – турмуштук реалдуу же ага жакын кырдаалды талдоо жана чечүү жолдорун издөө.
- **Проект усулу**– берилген теманы өз алдынча изилдеп, чыгармачылык мамиле менен натыйжага жетүү.
- **Проблемалуу ыкма** – көйгөйлүү кырдаалды жаратып, ага чечүү жолдорун табуу.
- **Эвристикалык усул** – оюн, конкурс, изилдөө формасындагы ыкмалардын жыйындысы.
- **Изилдөөчү усул** – көйгөйдү мугалим коюп, окуучу изилдөө жүргүзөт.

Ар бир метод мугалимдин окутуучу иш-аракетин жана окуучунун **активдүү таанып-билүүчү** ишин камтып, башталгыч класстагы окуучунун ар кандай тилдик ишмердүүлүгүн жандандырууга багытталган.

Компетенттүүлүккө негизделген билим берүү натыйжаларын эске алуу менен, кыргыз жана дүйнө адабияты предмети боюнча башталгыч билим берүүдө **өнүктүрүүчү, активдүү жана интерактивдүү методдор жана технологиялар артыкчылыктуу болуп саналат**. Бул методдор проблемалык, ишмердик жана функционалдык негизде курулуп, кызматташуу, сынчыл ой жүгүртүү, коммуникация жана өз алдынчалык көндүмдөрүн калыптандырууга багытталат.

## V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Баалоо окуучулардын окуу жетишкендиктеринин предметтик стандарттын мазмунуна дал келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Окуучулардын жеке билим жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн класста **баалоонун үч түрү** колдонулат: диагностикалык, калыптандыруучу (формативдик) жана суммативдик. А1**–А1+** деңгээлдери окуучулардын жетишкендиктерин баалоодогу жыйынтыктар аркылуу аныкталат (А1 **– 60-70%, А1+ 71-100%**)

Диагностикалык баалоодо - окуучунун компетенттүүлүгүнүн, өнүгүшүнүн баштапкы деңгээлин аныктап алып, окуучуну ыңгайлаштыруу жана андан кийин прогрессин окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү, өркүндөтүү үчүн жана мугалимдер үчүн аныкталган

деңгээлге жараша усулдарды тандоого негиз болот.

Калыптандыруучу (формативдик) баалоо - бул окуу процессинде өз убагында оңдоо, пландаштыруу, өзгөртүүлөрдү киргизүү жана конструктивдүү кайтарым байланыш берүү, колдоо, байкоо жүргүзүү жана маалымат чогултуунун максаттуу үзгүлтүксүз процесси.

Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо - окутуунун стандарттарынын ченемдерине жана талаптарына окуучулардын билиминин дал келүүсүн, окутуунун пландаштырылган натыйжаларын өздөштүрүү деңгээлин аныкталат. Системалуу түрдө окуу бөлүмү, темасы, окуу мезгили (чейректик, жарым жылдык, жылдык) аяктагандан кийин жыйынтыктарды аныктоо үчүн класс ичинде жүргүзүлөт. Окуучунун машыгууларын тесттер, текшерүү иштери, өтүлгөн лексиканын, тематиканын чегинде чакан баяндама, дил баян, эссе жазуунун элементтери ж.б. колдонулат

Башталгыч мектепте төмөнкү принциптерге негизделген калыптандыруучу баалоо ишке ашырылат: Окуучулардын өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчү болуп негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн, инсандык сапаттардын калыптануу деңгээли саналат.

**Баалоонун типтери**

Билим берүү системасында педагогикалык баалоонун эки түрү колдонулат, алардын милдеттери ар башка: ченемдик жана критериалдык.

**Ченемдик баалоо** – айрым окуучулардын билимин даярдык деңгээлине карата аткарылат. Анын максаты – баа коюу үчүн эмес, дифференцияланган мамилени камсыз кылуу максатында окуу процессинде окуучулардын деңгээлине жараша топторду түзүп, түшүнүү, салыштыруу, жашоо шартында, турмуштук кырдаалда колдонуусун өнүктүрүүнү шарттайт.

**Критериалдык баалоо** – окуучулардын жеке билимин баалоо белгиленген стандарттарга карата жүргүзүлөт. Анын максаты белгиленген стандарттарга карата айрым окуучулардын же топтордун жыйынтыктарын сүрөттөп берүү болуп саналат. Баалоонун бул эки түрү бири-бирин жокко чыгарбайт, педагогикалык практика ченемдик да, критерийлүү да баалоого муктаж. Мугалим баалоонун кайсы түрүн колдонушу керектигин аныктоо үчүн, баалоо максатына кайрылышы керек. Эгерде ар бир окуучу окуу материалынын маанилүү бөлүгүн өздөштүргөнүн же өздөштүрбөгөнүн аныктоо зарыл болсо, анда бул учурда критерийлүү баалоонун түрүн колдонуу зарыл.

Окуучулардын иш-аракеттерин баалоодо мугалим тандалган методдорго жана окутуу формаларына ылайык ар кандай баалоо ыкмаларын колдонот. Баалоо тутумун иштеп чыгууда мугалим негизги **принциптерди** жетекчиликке алышы керек:

**Маанилүүлүк –** окуучулардын эң маанилүү окуу натыйжаларын жана иш-аракеттерин баалоого көңүл буруу.

**Адекваттуулук** – окутуунун максаттарына жана натыйжаларына билимдерди, көндүмдөрдү, билгиликтерди, баалуулуктарды, компетенттүүлүктү баалоону көзөмөлдөө.

**Объективдүүлүк –** бул принцип бардык окуучулардан окшош шарттарда бир эле сыноодон өтүүнү талап кылат. Маалыматтарды иштеп чыгуунун объективдүүлүгү мугалимге да, бардык окуучуларга да белгилүү болгон так баалоо *критерийлеринин* болушун карайт.

**Ишенимдүүлүк** – педагогикалык өлчөөнүн тактык даражасы. Эгерде бир эле белгини кайталап өлчөө бирдей натыйжаларды берсе, баалоо ыкмасы ишенимдүү деп эсептелет.

**Ачык-айкындык** – баалоо критерийлери жана формалары баалоо процедурасынан мурун окуучуларга түшүнүктүү, так баяндалып, белгилүү болушу керек. Окуучулар баалоо критерийлерин иштеп чыгууга катышат.

**Ыкластуулук – баалоо жылуу маанайда болушу керек,** т.а. окуучулардын каталары эмес, жетишкендиктери бааланат. Баалоо критерийлери оң берилет (*3 тапшырма аткарылды, 5 сөз жазды*), терс формулировкалар алынып салынат (мүмкүн эмес, *жасай албайт, 5 ката кетирилген ж.б.*).

**Баалоонун натыйжалуулугу үчүн, мугалимдин фасилитатордук ишмердиги**

**Баалоо ийкемдүү болушу керек.** Мугалим натыйжаларды көрүү үчүн ар кандай формаларды, ыкмаларды жана тапшырмаларды колдонот: Окуучулардын өзүн-өзү баалоо, бири-бирин баалоо, сапаттуу баалоо куралдары (сүрөт тартуу, графикалык иш, роль ойноо, оозеки же жазуу жүзүндөгү жооп, портфолиосу, байкоо жүргүзүү өнүгүү карталары ж.б.)

**Баалоо шыктандыруучу болушу керек.** Мугалим окуучулар жана ата-энелер менен окуу процессинде көйгөйлөрдү бирге чечүү үчүн ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөргө) окуучунун жетишкендиктери же кыйынчылыктары боюнча маалымат берип, ар дайым позитивдүү жана конструктивдүү кайтарым байланыш (жазуу жана оозеки түрүндө) окуу прогрессин талкуулайт:

- окуу ишиндеги ийгиликтерди көрсөтүү,
- эң типтүү каталардын көрсөтмөлөрү,
- окууга кызыгууну стимулдаштыруу,
- коюлган баа менен окуучунун макулдугун камсыз кылуу.

**Өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо.** Бул учурда тапшырманы аткаруунун критерийин биргелешип чечип алуу керек

**Окуп түшүнүүнүн денгээлинде** – когнитивдик мүнөздөгү белгилүү баарлашуунун маселелерин чечүү үчүн кесиптик багытталган окуп түшүнүүдөгү кептик ык-көндүмдөрдүн деңгээли текшерилет. Окуп түшүнүүнү тестирлөө учурунда төмөнкү ык-көндүмдөрү текшерилет:

- Ар кандай чыгармаларды окуу жана алардан керектүү маалыматты табуу;
- Чыгармадагы маалыматты (таанышуу окуудагы) толук жана так түшүнүү;
- Окуунун ар кандай багыттоосун жана ыкмаларын, ошондой эле окуп түшүнүүнүн ар кандай түрлөрүн (изилдөө, таанышуу, издөө жана бириктирилген) колдонуу.

**Жазуунун деңгээлинде –** функционалдуу жазуу кебинин кептик көндүмдөрдүн деңгээли текшерилет. Жазуу тести маалыматты жазуу түрүндө берүү үчүн керектүү кептик көндүмдөрүн текшерет; коммуникативдик багытка ылайык келген кээ бир маалыматты жазышат.

**Угуп тушүнүүнүн деңгээлинде** – чыгармаларды угуп түшүнүү үчүн керектүү көндүмдөрдүн деңгээлин баалайт.

**Сүйлөөнүн деңгээлинде** –монолог жана диалог кептеринде коммуникативдик билгичтиктин калыптандыруусу текшерилет.

Диалог кебинде төмөнкү көндүмдөр текшерилет:

- жогоруда көрсөтүлгөн баарлашуу чөйрөсүнө актуалдуу ролдордо сүйлөп чыгуусу;
- керектүү маалыматты түшүнүү, сурап билүү, тактоо жана айтып берүүсү.

Продуктивдүү монолог кебинде өздүк аралаш типтеги (аңгемелешүүнүн элементтери менен билдирүү, баяндоо-аңгеме тексти) сүйлөө көндүмдөрү текшерилет.

**Тесттик тапшырмалардын жыйынтыктарын ылгоо жана баалоо**

Окуучу тесттин кайсы бир бөлүгүн бөлүнгөн убакытта аткарган эмес болсо, бул бөлүктү баалай турган упайлар кемитилет.

Сынактын жыйынтыгын баалоо эки деңгээлге бөлүнөт: канааттандырарлык жана канааттандырарлык эмес.

**Таблица 2 – Сынактын жыйынтыгын баалоо**

| Субтест | Деңгээлдер (көрсөткүчтөр упайлар менен) | |
|---|---|---|
| | **Канааттандырарлык** | **Канааттандырарлык эмес** |
| **Окуп түшүнүү** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Жазуу** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Угуп түшүнүү** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Сүйлөө** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |

Төмөнкү натыйжаларды көрсөткөн окуучулар тестти ийгиликтүү аткарган болуп саналат: А1 тести боюнча канааттандырарлык деңгээл – 35 упай (тесттин баасынан 75%), А2 тести боюнча канааттандырарлык деңгээл – 40 упай (тесттин баасынан 80%),

Башталгыч класстарда «Кыргыз жана дүйнө адабияты» сабагы боюнча баалоо билим берүүдөгү натыйжаларга жетүүдөгү прогрессти өлчөөнүн, ошондой эле башталгыч класстын окуучуларында өзүн-өзү баалоону, өзүн өзү жөнгө салуу көндүмдөрүн жана жеке өнүгүүнү калыптандыруунун маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Мугалим окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегияларын колдонот:

1–3-класстарда жыйынтык баалар коюлбайт, жетишкендиктер сапаттык жана сүрөттөмө мүнөзүндөгү ыкмалар менен бааланат. Мугалим негизги көңүлдү формативдик баалоого бурат, баалоо окуу процессинин бир бөлүгү катары колдонулат жана окуучунун деңгээлине, муктаждыктарына жараша окутууну ылайыкташтыруу үчүн кызмат кылат.

4-класстан тартып окуучуларга жыйынтык баалар коюла баштайт.

**Байкоо жүргүзүүнүн негизги максаты** – окуу материалы боюнча билимди жана аны окуу же практикалык кырдаалда колдоно билүү жөндөмүн текшерүү.

«Кыргыз жана дүйнө адабияты» сабагы боюнча окуучулардын жетишкендиктерине көзөмөл жүргүзүү төмөнкү иштердин жыйынтыгында жүргүзүлөт: оозеки жооптор, жазуу түрүндөгү тапшырмалар, долбоорлор ж.б.

Сабактын спецификасына ылайык, билимдерди жана көндүмдөрдү колдонуп, кандайдыр бир продукт жаратууга (мисалы, презентациялар, байкоо күндөлүктөрүн түзүү ж.б.) багытталган практикалык жана чыгармачылык тапшырмалар көп колдонулат.

**Таблица 3 – «Кыргыз жана дүйнө адабияты» сабагы боюнча жыйынтыктарды баалоо үчүн баалоо иштеринин түрлөрү**

| № | Сунушталган баалоо иштери | Баанын болжолдуу салмагы |
|---|---|---|
| 1 | Оозеки жооптор, сабак учурундагы презентациялар | 40% |
| 2 | Жазуу иштер (тесттер, көзөмөл иштери ж.б.) | 20% |
| 3 | Долбоордук ишмердүүлүгү | 40% |
| | **Жалпысы** | **100%** |

Чыгармачылык иштерди жана долбоордук ишмердүүлүктү баалоо үчүн мугалим балдар менен бирге баалоо критерийлерин иштеп чыгат. Бул критерийлерде долбоордун максатын жана тапшырмаларын түшүнүү, долбоорду аткаруу, чыгармачылык жана демилгечилдикти көрсөтүү, продуктуну даярдоо жана долбоордук иштин коргоо сапаты эске алынат.

Бул критерийлердин негизинде мугалимдер иштин аткарылыш деңгээлин сүрөттөп берүүчү дескрипторлорду түзүшөт.

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо критерийлери ар бир тапшырмага жана иштин түрлөрүнө карата түзүлөт.

## VI. ПРЕДМЕТТИ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР

Стандарттарды ишке ашырууну максаттуу камсыздоого арналган адабий чыгармаларды тандоо критерийлерин иштеп чыгуунун негизинде программаларды түзүү:

- окуучулардын адабий чыгармаларды эстетикалык кабыл алуусун уюштурууга көңүл бурган жаңы типтеги окуу китептерин иштеп чыгуу;
- хрестоматияларды иштеп чыгуу;
- “Кыргыз жана дүйнө адабияты” предметинин негизги максатын эске алуу менен жумушчу дептер түзүү;
- мектеп китепканасындагы кыргыз жана дүйнөлүк адабияттардын көркөм чыгармаларынын тексттери;
- электрондук окуу материалдары жаңычыл ресурс катары:
  - ✓ тексттик материалдар сантик жана мультимедиялык форматта (көркөм, адабий сын, биографиялык жана маалыматтык) ;
  - ✓ аудиотексттер;
  - ✓ көркөм жана  видеофильмдер;
  - ✓ иллюстрациялар, картиналардын жана фотосүрөттөрдүн репродукциялары;
  - ✓ видеоэкскурсиялар.

## VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮ

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрөнү адабият сабагында инсанга багытталган технологияларды колдонуу менен түзүүгө болот. “Кыргыз жана дүйнө адабияты” предмети өзү изилдөөгө кызыктырууну жаратууга жакын: чыгармада чагылдырылган улуттук маданий өзгөчөлүктөрдү, салттарды, аларды жаратуу жөндөмдөрү менен мүнөздөрдү салыштыруу; окшоштуктарды, жанрдын өзгөчөлүгүн, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын акын-жазуучуларынын стилдеринин өзгөчөлүктөрүн салыштыруу. Чыгармалардын ортосунда дагы, бир чыгарма ичинде дагы эстетикалык маалыматтын интеграцияланышы үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр ачылат. Дискуссиялар, долбоорлор, көркөм окуу, иллюстрациялоо, оозеки сөз аркылуу сүрөттөө, окшош темадагы музыкалык чыгармаларды угуу жана көркөм сүрөт чыгармаларын карап чыгуу ж.б. – бардык ушул методдор жана ыкмалар окуучуларга көркөм чыгарманы өз алдынча түшүнүүгө, аны эстетикалык кабыл алууга түрткү берет.

Коопсуз мектеп чөйрөсү - бул окуучулардын муктаждыктарына багытталган жана коопсуздуктун толуктугун жана ар кандай тобокелдиктерди минималдаштырууну камсыз кылган чөйрө. Мектептин коопсуз чөйрөсү бир нече аспектилерди камтыйт:

**Психологиялык жана маалыматтык коопсуздук** окуучулардын акыл-эс бейпилдигин, позитивдүү көз карашын жана бири-бирине мамилесин, анын кадыр-баркына коркунуч келтирүүдөн корголушун болжолдойт. Дискриминацияланбаган, зомбулуксуз жана толеранттуу чөйрө.

Баланын адамдык кадыр-баркын урматтоо, расасына, социалдык тегине, динине, жынысына же туулган жерине карабастан бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, өз алдынчалуулукка жана сабакта активдүү издөөгө үндөө, формативдик баалоону жана позитивдүү жана колдоочу пикирлерди колдонуу аркылуу калыптанат.

**Экологиялык коопсуздук** таза аба, суу, туура тамактануу, Жарыктын жогорку сапаты, туура температура, желдетүү, энергияны үнөмдөө, багбанчылык ж. б.

**Физикалык коопсуздук** имараттын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камтыйт, анын ичинде өзгөчө кырдаалдарда, аны колдонуу процессинде окуу жабдуулары ж.б. мектептин кабинетиндеги бардык элементтер санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге, электр жана өрт коопсуздугунун эрежелерине ылайык келиши керек.